# 2015-2016-окуу жылына карата Информатика предмети боюнча мугалимдердин август кеңешмесине сунуштар

## I. Окуу-нормативдик документтер.

Жаңы окуу жылы үчүн жетекчиликке алынуучу негизги окуу-нормативдик документтер болуп:

1) 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 Токтомунун негизинде бекитилген);

2) 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201 Токтомунун негизинде бекитилген);

3) мамлекеттик билим берүү стандарты (КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-июлундагы №554 Токтомунун негизинде бекитилген);

4) стандарттын негизинде түзүлгөн «Информатика жана Информациялык-коммуникациялык технологиялар» (Информатика жана ИКТ) боюнча окуу программасы (2012-жылы КББАнын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жактырылган) эсептелет.

Информатика предметинин **базалык мазмуну** мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган окуучуларды милдеттүү даярдоонун минимумун камсыз кылат. Базалык курс компьютердик техникалар менен жабдылган кабинети бар жалпы билим берүүчү мектептердин VII-IX класстарында окутулушу керек. Бул предметте жалпы түшүнүктөр, зарыл болгон компетенциялар жана окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун пландары камтылган.

«Информатика жана Информациялык-коммуникациялык технологиялар» боюнча окуу программа компетенттик мамиленин негизинде түзүлүп, ал **<u>окутуу кайсы тилде жүргүзүлөөрүнө карабастан</u>** бардык жалпы билим берүүчү мектептерде ишке ашырылат.

Бул программада бөлүмдөр боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү жана «Информатика жана ИКТ» курсун окутуунун минималдык мазмуну, предметтер аралык байланыштар жана бөлүмдөрдөгү темалардын удаалаштыгы эске алган. Ошондой эле компетенттүү окуучуну даярдоого керектүү компетенциялар тобу аныкталган.

Программанын чегинде мугалим өзүнүн чыгармачылыгына ылайык мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген максат, милдеттерди ишке ашыруу менен информатика боюнча окуучуларды керектүү компетенциялар менен камсыз кылууга жетишүү керек.

## II. Предметтин Базалык окуу планындагы алган орду.

2015/2016-окуу жылына карата **<u>окутуу кайсы тилде жүргүзүлөөрүнө карабастан</u>** жалпы билим берүүчү бардык мектептердин Базалык окуу планы төмөндөгүчө кабыл алынган.

**Информатика: 7-класс – жумасына 1 саат;**
**8-класс – жумасына 2 саат;**
**9-класс – жумасына 2 саат.**

Гимназия-мектептери жана мектеп-лицейлери үчүн гимназия жана лицей компоненттери сакталып, ийримдер, лекциялар, курстар аркылуу ишке ашырылат.

## III. Окуу китептери жана окуу-методикалык комплекстери.

Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн Кыргызстандан жарык көргөн төмөнкүдөй китептерди, колдонмолорду колдонуу сунуш кылынат:

**1.** Информатика. Базалык курс. 7-9-класстар үчүн окуу китеби. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. –Б., 2006-ж.

**2.** 7-9-класстар үчүн маселелер жыйнагы. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. –Б., 2003 ж.

**3.** «Мектепте информатиканы окутуу» – Информатик мугалимдер үчүн окуу колдонмо. Ибирайым кызы А., Мамбетакунов У.Э., Осипова Н.Н. –Б., 2015-ж.

**4.** «Жумушчу дептер» - 7-класстын окуучулары үчүн. Ибирайым кызы А. –Б., 2015-ж.

**5.** «Жумушчу дептер» - 8-класстын окуучулары үчүн. Ибирайым кызы А. –Б., 2015-ж.

**6.** Көңүлдүү оюндардагы информатика: Окуучулар үчүн окуу курал. Мамбетакунов У.Э., Ибирайым кызы А. –Б., 2015-ж.

**7.** Интернет: колдонуу маданияты жана мүмкүнчүлүктө рү. Окуучулар жана жалпы колдонуучулар үчүн кошумча окуу курал. Ибирайым кызы А. –Б. 2015-ж.

**8.** «Информатиканы окутуу боюнча Электрондук окуу колдонмо» / «Электронный учебник по Информатике». Кыргызская академия образования. –Б., 2015 г.

Андан сырткары, мугалимдер информатика боюнча милдеттүү түрдө өздөштүрүлүүчү предметтин минимуму жана информатиканы тереңдетип окутууга арналган кошумча адабияттарды, комплекстерди колдонсо болот.

## IV. Информатиканы окутуунун өзгөчөлүктөрү.

Информатика жана ИКТ курсу боюнча окуу программасынын мазмунун ишке ашыруу үчүн аталган предметтин мазмундук багыттарынын өзгөчөлүгүн эске алуу зарыл. Андай багыттар болуп: *«Информация жана информациялык процесстер»; «Моделдештирүү жана формалдаштыруу»; «Компьютер»; «Алгоритмдештирүү жана программалоо»; «Информациялык технологиялар»* эсептелет. Бул мазмундук багыттардын алкагында окуучулардын предметтик жана метапредметтик компетенциялары калыптаныш керек.

**Предметтик** компетенциялар:

- *Маалыматтык сабаттуулук,* маалыматтарды издөө, кабыл алуу, аралыкка берүү ыкмаларына ээ болуу. Мында маалыматтар ар түрдүү болушу мүмкүн: текст, таблица, диаграмма жана алардын жыйындысы;
- *Логикалык жана алгоритмдик компетенттүүлүк,* логикалык жана алгоритмдик ой-жүгүртүүнүн негиздерин билүү, жөнөкөй алгоритмдерди түзүү жана алгоритм аркылуу иш жүргүзө алуу;

- *ИКТ-квалификациясынын негиздери*, маалыматтык маселелерди чечүүдө компьютерди колдонуунун негиздерин жана ИКТнын башка каражаттарын колдоно билүү;
- *Коммуникациялык компетентүүлүк* маалыматтарды аралыкка берүүгө жана алууга байланышкан маалыматтарды алмашуу компетентүүлүктөрүнүн активдүү жагдайы.

**Метапредметтик** компетенциялар:

- *Жалпы маданий.* Мында окуучунун таанып билүү ишмердүүлүгү боюнча жалып маселелер каралат.
- *Социалдык.* Окуучунун билиминин жана тажрыйбасынын жарандык-коомдук ишмердүүлүктөрдө пайдаланылышын кароочу компетенция. Окуучу жашоого зарыл болгон социалдык активдүүлүк көндүмдөрдү жана функционалдык сабаттуулуктарды пайдаланат.
- *Информациялык.* Реалдуу объектилердин (телевизор, магнитофон, телефон, компьютер, принтер) жана информациялык технологиялардын (аудио жана видео жазуу, электрондук почта, ММК, Интернет) жардамы менен окуучунун маалыматтарды издөө, анализдөө, керектүүсүн тандап алуу, сактоо жана аларды жөнөтүү көндүмдөрү калыптандырылат. Бул компетенция окуучунун окуу предметтерде, билим берүүнүн башка тармактарында, ошондой эле коомдук чөйрөдө анын маалымат менен иштөө көндүмдөрүнүн калыптанышына жардам берет.
- *Коммуникативдик* компетенциясы окуучунун өзүн курчап жүргөн адамдар, ар түрдүү топтор менен мамилелеше билүү көндүмдөрүн калыптандырат. Мында коллектив менен иштей билүү, кат алмашуу, анкета, арыз жаза билүү, суроо бере билүү, талкууга катышуу ж.у.с. жөндөмдөр эске алынат.
- *Маани-маңыздык.* Окуучунун дүйнө таанымы, чөйрөгө ыкташуусу, өзүнүн коомдук турмуштагы ордун аңдап билиши, маанилүү чечим кабыл ала алышы ж.б. билгичтиктер каралат.
- *Окуу-таанып билүү.* Бул реалдуу бир объектини таанып билүүдө окуучунун өз алдынча окуу, үйрөнүү, аракеттенүү жана өзүн-өзү баалоо ишмерлүүлүгүн кароочу компетенция. Мында белгилүү бир билимге ээ болуу үчүн окуучу ар түрдүү ыкмаларды жана методдорду колдонот.
- *Жекече.* Бул ар бир инсандын ички дүйнөсүн, жекече психологиялык сапатын, өзүнө жана башкага болгон мамилесин, мүмкүнчүлүктөрүн, жөндөмүн, баалуулуктарын, алдыга койгон максаттарын, идеяларын ж.у.с. билимдерин кароочу компетенция.

## V. Окуу процессин уюштуруунун формалары.

Билим берүү процессинин негизги формасы – бул сабак болуп эсептелет. Көпчүлүк учурда сабактын биринчи бөлүгүндө жаңы материалдын теориясы менен тааныштыруу жүргүзүлөт, экинчи бөлүгүндө – 20-25 мүнөткө эсептелген практикалык жумуш формасында компьютердик практикум пландаштырылат.

Информатиканы окутууда классттагы сабактын традициялык формаларын: *сабак, сабак-лекция, консультация, практикалык жумуштар, зачет* өтүүгө болот.

Информатиканы окутууда төмөндөгүдөй класстан тышкаркы иштердин формаларын уюштурууга болот: информатика боюнча мектептик олимпиадаларды даярдоо жана өткөрүү; шаардык, республикалык олимпиадаларга катышуу; электрондук окуу китептери жана кошумча материалдар менен иштөө; дубал газеталарды чыгаруу; информатика боюнча кечелерди, викториналарды, КВНдерди ж.б. өткөрүү; информатика боюнча түрдүү ийримдерди, факультативдик иштерди уюштуруу ж.б. эсептелет.

Мугалим менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланышты чыңдоо үчүн окутуунун формаларына жараша анын методдору чеберчилик менен тандалып алынуу керек.

Информатика сабактарында негизинен окутуунун төмөндөгү ***методдору*** колдонулат:

- *сөз түрүндө* – лекция, оозеки айтып берүү, аңгемелешүү;
- *көрсөтмөлүү* – сүрөттөлүштөр, компьютер жана кадимкидей окуу элементтери аркылуу демонстрациялоо;
- *практикалык* – лабораторлук-практикалык жумуштарды аткаруу, өз алдынча сөздүктөр жана адабияттар менен иштөө (кадимки китеп түрүндөгү жана электрондук), өз алдынча жазып көнүгүү жумуштары, компьютерде өз алдынча иштөө.

Окуп, таанып билүү ишмердүүлүгүн **стимулдаштыруунун методдору:** окууга болгон мотивацияны калыптандыруу, окууга болгон жоопкерчиликти, парзды калыптандыруу.

Ал эми окуу процессин жыйынтыктоодо **текшерүүнүн жана өзүн-өзү текшерүүнүн методдору:**

- *оозеки текшерүү* – фронталдуу сурамжылоо, жеке сурамжылоо компьютердик тестирлөө;
- *жазуу түрүндө текшерүү* – текшерүү иши, жазуу түрүндөгү тесттик тапшырмаларды аткаруу, лабораторлук-практикалык жумуштар боюнча жазуу түрүндөгү отчеттор, информатика боюнча диктанттар;
- *лабораторлук-практикалык текшерүү* – лабораторлук-практикалык текшерүү жумуштары, текшерүүчү программалар менен иштөө;
- *өзүн-өзү текшерүү* – үйрөнгөн материалды оозеки айтып берүү, үйрөнгөн материалды жазуу түрүндө көрсөтүү, окутуп үйрөтүүчү программалар менен иштөө, компьютердик тесттер ж.б. колдонулат.

## VI. Талкуулоого сунуш кылынган маселелер.

Бул жылдагы август методикалык кеңешмесинде информатика мугалимдеринин секциясында төмөндөгүдөй учурдагы актуалдуу маселелерди талкуулоо сунуш кылынат:

✓ Информатика боюнча окуучулардын компетенцияларын калыптандыруу маселелери («2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясы жана Стратегиясы» боюнча);

✓ Информатиканы окутууну модернизациялоо: көйгөйлөр, изденүүлөр, аткарылуучу иштер;

✓ Компетенттүүлүк мамиле – глобалдашуунун шартындагы инновациялык билим берүүнүн өнүгүшүнүн фактору катары;

✓ Квалификацияны жогорулатуу тутумунда информатик мугалимдин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү;

✓ Билим берүүнүн инновациялык технологиялары жана аны окуу процессине киргизүү;

✓ Билим берүү процессин баалоонун жаңы технологияларын колдонуу;

✓ Окуу процессинде окутуунун интерактивдүү заманбап каражаттарын (интерактивдүү доскаларды, электрондук китептерди ж.б.) колдонуу;

✓ Мектептин деңгээлинде билим берүүнүн жыйынтыктарын баалоо системасын түзүү;

✓ Информациялык-коммуникациялык жана Интернет-технологиялар айыл мектептерин социалдаштыруунун негизги фактору.

Август методикалык конференциянын өтүшүнүн алгылыктуулугу үчүн информатик мугалимдерге:

- Информатика предметин окутууну жакшыртуу жана предметти окутууну өнүктүрүү проблемалары боюнча докладдарды окуу;
- семинарларды;
- тегерек үстөлдөрдү ж.у.с. өткөрүү сунуш кылынат.

2015-2016-окуу жылына информатиканы окутуу багытында суроолор, сунуш-пикирлер болсо төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот: Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25, 1-кабат, 20-кабинет. Телефон: 66-52-25. ika379@mail.ru электрондук почтасы.

## РЕКОМЕНДАЦИИ К АВГУСТОВСКИМ СОВЕЩАНИЯМ УЧИТЕЛЕЙ ИНФОРМАТИКИ НА 2015-2016 УЧЕБНЫЙ ГОД

### II. Учебно-нормативные документы.

В этом учебном году для учителей информатики являются основными документами:

**1.** Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года (Постановление Правительства КР от 23 марта 2012-года №201);

**2.** Стратегия развития образования в Кыргызской Республике на 2012-2020 годы (Постановление Правительства КР от 23 марта 2012-года №201);

**3.** Государственный образовательный стандарт (Постановление Правительства КР от 23 июля 2004-года №554);

**4.** Программа по предмету «Информатика и Информационно-коммуникационные технологии» (Информатика и ИКТ) (Утвержденная на Ученом совете КАО в 2012 году).

Базовое содержание информатики обеспечивает обязательный минимум подготовки учащихся по информатике, определенный

государственным образовательным стандартом. Предмет Информатика изучается в VII-IX классах общеобразовательных школ, оснащенных кабинетами компьютерной техники. По данному курсу на среднем уровне сложности ученик получает представление о предмете и необходимые практические навыки.

Программа по предмету «Информатика и Информационно-коммуникационные технологии» составлена с учетом компетентностного подхода и реализуется во всех общеобразовательных школах по Кыргызской Республики **независимо от языка обучения**.

Данная программа предусматривает распределение учебных часов по разделам курса «Информатика и ИКТ» с учетом межпредметных и внутрипредметных связей, логики учебного процесса, возрастных особенностей учащихся, определяет количество практических работ, необходимых для формирования информационно-коммуникационной компетентности учащихся.

Учителям следует творчески решить цели и задачи, поставленные Государственным стандартом информационного образования и обеспечить содержанием, которое направлено на достижение целей изучения информатики и ИКТ в школе, исходя из целей общего образования, сформулированных в Концепции государственного стандарта общего образования.

## V. Место предмета в Базисном учебном плане.

План для всех общеобразовательных школ независимо от языка обучения на 2015/2016 учебный год.

**Информатика: 7 класс – 1 час в неделю;**
**8 класс – 2 часа в неделю;**
**9 класс – 2 часа в неделю.**

Для школ-гимназий и школ-лицеев сохраняется гимназический и лицейский компоненты, которые реализуются через кружковую работу, чтение лекций, циклов, спецкурсов в лицейских и гимназических классах.

## VI. Учебники и учебно-методические комплексы.

Для общеобразовательных школ рекомендуются следующие учебники, изданные в Кыргызстане:

**9.** Информатика. Базалык курс. 7-9-класстар үчүн окуу китеби. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. –Б., 2006-ж.

**10.** 7-9-класстар үчүн маселелер жыйнагы. Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У. –Б., 2003 ж.

**11.** «Электронный учебник по Информатике» / «Информатиканы окутуу боюнча Электрондук окуу колдонмо». Кыргызская академия образования. –Б., 2015 г.

А также учителям информатики рекомендуется использовать дополнительные учебники и учебно-методические пособия, предназначенные для изучения базового курса Информатики и ИКТ в общеобразовательных школах.

## VII. Особенности преподавания Информатики.

Реализация содержания программы по Информатике и ИКТ требует учета особенностей содержательных линий предмета, таких как: *«Информация и информационные процессы»; «Моделирование и формализация»; «Компьютер»; «Алгоритмизация и программирование»; «Информационные технологии»*.

В соответствии с содержательными линиями необходимо формировать предметные и метапредметные компетенции учащихся.

**Предметные** компетенции:

- *Информационная грамотность*, в частности овладение способами и приемами поиска, получения, представления информации, в том числе информации, данной в различных видах: текст, таблица, диаграмма, совокупность;
- *Логическая и алгоритмическая компетентность*, в частности овладение основами логического и алгоритмического мышления, умением действовать в соответствии с алгоритмом и строить простейшие алгоритмы;
- *Основы ИКТ-квалификации,* в частности овладение основами применения компьютеров и других средств ИКТ для решения информационных задач;
- *Коммуникационная компетентность.* В рамках данного учебного предмета наиболее активно формируются стороны коммуникационной компетентности, связанные с приемом и передачей информации.

**Метапредметные** компетенции:

- *Общекультурная.* Круг вопросов, в которых ученик должен быть хорошо осведомлен, обладать познаниями и опытом деятельности.
- *Социальная.* Владение знанием и опытом в гражданско-общественной деятельности. Ученик овладевает минимально необходимыми для жизни в современном обществе навыками социальной активности и функциональной грамотности.
- *Информационная.* При помощи реальных объектов (телевизор, магнитофон, телефон, компьютер, принтер) и информационных технологий (аудио и видеозапись, электронная почта, СМИ, Интернет), формируются умения самостоятельно искать, анализировать и отбирать необходимую информацию, организовывать, преобразовывать, сохранять и передавать ее. Эта компетенция обеспечивает навыки деятельности ученика с информацией, содержащейся в учебных предметах и образовательных областях, а также в окружающем мире.
- *Коммуникативная.* Знание необходимых языков, способов взаимодействия с окружающими и удаленными людьми и событиями, навыки работы в группе. Владение различными социальными ролями в коллективе. Ученик должен уметь представить себя, написать письмо, анкету, заявление, задать вопрос, вести дискуссию и т.д.
- *Ценностно-смысловая.* Компетенция в сфере мировоззрения, связанная с ценностными представлениями ученика, его способностью

видеть и понимать окружающий мир, ориентироваться в нем, осознавать свою роль и предназначение, уметь выбирать целевые и смысловые установки для своих действий и поступков, принимать решения.

- *Учебно-познавательная.* Компетенция ученика в сфере самостоятельной познавательной деятельности, включающей элементы логической, общеучебной деятельности, соотнесенной с реальными познаваемыми объектами. Сюда входят знания и умения целеполагания, планирования, анализа, рефлексии, самооценки учебно-познавательной деятельности.
- *Личностная.* Знания о человеке, его внутреннем мире, отношениях, о собственных психических качествах, возможностях, способностях, ценностях, целях, идеалах.

## V. Формы организации учебного процесса.

Основной формой образовательного процесса является – **урок**. Чаще всего в первой части урока проводится объяснение нового материала, во второй части урока - планируется компьютерный практикум в форме практических работ, рассчитанных на 20-25 минут. Практические работы направлены на отработку отдельных технологических приемов, ориентированных на получение целостного содержательного результата, осмысленного и интересного для учащихся. Всего на выполнение различных практических работ отведено более половины учебных часов.

В основу процесса обучения информатике заложены следующие **формы** организации учебной деятельности:

- *Общеклассные формы*: урок-лекция, комбинированный урок, урок-игра, консультация, лабораторно-практическая работа, программное обучение, зачетный урок.
- *Групповые формы*: групповая работа на уроке, групповой лабораторный практикум, групповые творческие задания.
- *Индивидуальные формы*: работа с литературой или электронными источниками информации, письменные упражнения, выполнение индивидуальных заданий по программированию или информационным технологиям за компьютером, работа с обучающими программами за компьютером.

На уроках информатики в основном используются следующие **методы** обучения*:*

- *словесные* – лекция, рассказ, беседа;
- *наглядные* – иллюстрации, демонстрации как обычные, так и компьютерные;
- *практические* — выполнение лабораторно-практических работ, самостоятельная работа со справочниками и литературой (обычной и электронной), самостоятельные письменные упражнения, самостоятельная работа за компьютером.

**Методы контроля и самоконтроля*:***

- *устный контроль* – фронтальный опрос, индивидуальный опрос, компьютерное тестирование;

- *письменный контроль* — контрольная работа; выполнение письменных тестовых заданий; письменные отчеты по лабораторно-практическим работам; диктанты по информатике;
- *лабораторно-практический контроль* – контрольные лабораторно-практические работы; работа с контролирующими программами;
- *самоконтроль* – устное воспроизведение изученного материала; письменное воспроизведение изученного материала; работа с обучающими программами; компьютерные тесты.

**VI. Актуальные вопросы для обсуждения.**

Для обсуждения на августовских заседаниях секций учителям информатики предлагаются следующие актуальные вопросы:

– Деятельностный подход в обучении предмета «Информатика и ИКТ», приводящий к формированию у учащихся предметных и ключевых компетенций (по Стратегии и концепции развития системы образования в Кыргызской Республике до 2020 года).

– Модернизация обучения Информатике: проблемы, поиски, перспективы и решения.

– Компетентностный подход как фактор развития инновационного образования в условиях глобализации.

– Совершенствование профессионального мастерства учителей информатики в системе повышения квалификации.

– Инновационно-образовательные технологии и их внедрение в учебный процесс.

– Развивающие возможности современных методических систем.

– Развивающие возможности новых информационных технологий.

– Новые требования к образовательным результатам. Формирование ключевых компетенций и универсальных учебных действий учащихся.

– Использование эффективных технологий обучения информатике:
  - интерактивные формы и методы обучения,
  - модульная технология,
  - групповая технология и т.д.

– Новые технологии оценивания образовательных процессов (Приказ МОиН КР №1114/1 от 21.12.09г.).

– Применение интерактивных средств обучения (интерактивные доски, электронные учебники и т.д.) в учебном процессе.

– Использование современных технологий в управлении школой и в образовательном процессе.

– Профильное обучение в старших классах как способ удовлетворения индивидуальных образовательных потребностей обучающихся.

– Учебно-методические комплекты нового поколения.

– Формирование компетенции учащихся в области информационно-коммуникационных и Интернет-технологий.

– Информационно-коммуникационные технологии и Интернет-технологии как фактор социализации сельских школьников.

В целях эффективности августовских педагогических совещаний учителям информатики рекомендуется проводить:

- семинары,
- круглые столы,
- педагогические студии,
- презентации публичных докладов о состоянии и результатах развития обучения Информатики и ИКТ.

По возникающим вопросам или просьбам по обучению Информатики на 2015-2016 учебный год просим обращаться по адресу: г. Бишкек, пр. Эркиндик, 25. Кыргызская академия образования, 1 этаж, каб. 20. Тел: 665225 или по электронной почте ika379@mail.ru.